ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 257а
21 сент. 1979 г.
Инсти... Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Искендеров Насир

# Манас

Т. 1-й рукопись

# I- БӨЛУК

# „Алгачкы Манас".

Айтып, жазган: Искендеров Насир.

Фрунзе шаары,
Герцен көчөсү № 64
Май 1952-жыл.

# Манастын Башталышы.

Кыргыз элин коргогон
Жамандыгы болбогон
Жаман менен жакшыны
Ылгаштырып ойлогон
Тобой деген жан экен
Баатырдыгы бар экен
Мындан калган бир туяк
Мунун өнөрү ашкан куучунак
Атын баштап айтайын
Сүрөттөп сынын байкайын
Атын айтсам Ногойду
Мындан уруктап эл көбөйдү
Жүрүштөрүн байкайын
Толуктап муну айтайын
Ногойдон калган уч бала
Жүрүшү сонун куч бала
Эң улуусу Ногойду
Бул өзү баатыр болгон соң
Касташкан душман жоголду
Мүңкүрөгөн кыргыз эл
Кайра баштан оңолду
Белсенип билек түрүшүп,
Кор кылбады кыргызды
Катылып келсе башкалар.
Кайраттантып тургузду
Келгендерге теңсеттей
Катуу сокку ургузду.
Ортончусу Чыгайды
Айтпай менда турамбы?
Өнөрүнөн баштайын
Айтыштан менда качпайын
Келиштирип келбетин
Аягына таштайын
Бул Ногойго тең эмес
Башкалардан кем эмес

8580 строк

34.

Кыргыз элин чыйраткан,
Касташканды кыйраткан.
Эң кенжеси Чыйырды
Муну байкап карайын
Акылын байкап баалайын
Буга окшогон миң киши
Өзүнө өзү тың киши
Талыкпаган талбаган
Бу дагы элден калбаган,
Кайраттанып камынып,
Эл үчүн бу да чамдаган
Касташып өзү барбаган
Чыр чатакты салбаган
Өзүн катуу кармаган
Башка жактан кагырса
Чабамын деп асылса 35.
Ага кулак салбаган
Өзү катуу жан болгон
Ар түлүгү бар болгон.
Жердеген жери Кырымын
Самаркан Андижан
Ушул жерде турушкан,
Өздөрүндө эркиндери,
Кыргыздар жашап турганы.
Башка жактан батынып
Душманы чатоок кылбады.
Ошондо кыргыз эли өзүнчө,
Жайланышып жыргады.
Кыргыздар калды көрүнүп,
Өз ичинен билгени
Кырк урууга бөлүнүп,
Сандары өсүп көбөйдү
Эркиндиги колуна
Туруктулашып бир-бирин,
Көтөрмөлөп жөлөйдү.

3.

Ашкан баатыр Ногойду.
Муну кыргыздар мактап жаалаган
Бул баатырдын тушунда
душмандар башын доабаган,
Бардык жактан корогон,
Касташкан адам болбогон,
Касынгандыы кайтарткан
Чабышкандыы жалтанткан.
Өз колунда өз эрки
Тынчтыгын ойлоп элинин,
Бербеске ойлоп жеринин.
Тууулган кыргыз өз элим
Кор болбосуң мен барда 37
Чар тарабың жайлып
Түбөлүккө туурасын
Түбү бекем кең жайда
Жети олуп жерге киресмида,
Бербесмин туулган элимди,
Чалкалган жайык жеримди.
Кор кылбасмын башкага.
Өзүм аман тургандa
Касташкандар калышар,
Кайраттуу соккy ургандa.
Ногойдон калган торт бала
Торттоо бирдей эрт бала
Жайдары болот баарыны,
Жаркыраган аз гана
Көмөлөттөн түш болду
Түбөлүккө ой сана
Торттоо жаман шо болду.
Баш көтөрүп балдары
Бой тартып келен осо элек
Убактыга жете элек